# Зебра кантип чаар-ала болду?



Автор: Яко Якобс

Сүрөтчү: Стивен Уоллес

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Зебра кантип чаар-ала болду?

Автор: Яко Якобс
Сүрөтчү: Стивен Уоллес
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*How Zebra Got His Stripes*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/). түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Зебра кантип чаар-ала болду?" (кыргыз тилинде), Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган,
автор Яко Якобс, сүрөтчү Стивен Уоллес,
Pratham Books ©2016 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://story weav er.org.in/stories/94094-how-zebra-got-his-stripes

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Илгери-илгери Зебранын териси ак болгон экен. Ошол кезде катуу кургакчылык болуптур. Бир канча ай бою асмандан бир да тамчы жамгыр түшпөптүр.

Чөптөр күйүп, бак-дарактар жылаңач калыптыр.

Дарыялар биринин артынан бири соолуйт. Жейрен, Каман жана Зебра күн сайын алыска суу издеп чыга башташты.



Бир жолу Жейрен соолуй элек жалгыз булакка келет.

– Жогол! Бул жерден! Болбосо башыңды жулуп алам! Бул Бабуиндин булагы! – деген каардуу үнду угат.

Жейрен көздөрүн чоң ачып, кимди көрдү дебейсиңерби? Көрсө, Бабуин ташка отуруп алып отко банан кактап жеп отурган экен.

– Мен аябай суусадым. Тилим сүрсүгөн этке окшоп калды. Мен эми

сууну кайдан табам?, – деди Жейрен.

– Ал менин ишим эмес! Жогол бул жерден! Болбосо башыңды жулуп алам. Бул Бабуин булагы! – деди ал ырылдап.

Жейрен Бабундин узун тиштерин көрүп коркуп кетти. Ал шарт бурулуп, качып жөнөдү.



Бир канча убактан кийин булакка Каман келди. Ал да эңкейип суу ичейин деп жаткан.

– Жогол бул жерден. Болбосо башыңды жулуп алам. Бабуиндин булагы! – деген каардуу үндү укту. Таң калган Каман бурулуп артын карады. Көрсө, Бабуин бананды отко кактап жеп отуруптур.

– Мен чаң жеп алгансып, аябай суусап турам. Эми башка кайсы жерден суу тапмак элем? – деди Каман.

– Ал менин ишим эмес! Бул жерден жогол! Болбосо башыңды жулуп алам! Бул Бабуиндин булагы! – деп кыйкырды ал.

Камандын жүндөрү түктүйүп, ачуусу келди. Бирок Бабуиндин узун тиштерин көрүп, ал да коркуп кетти. Куйругун көтөргөн бойдон Каман  качып жөнөдү.



Андан кийин кудукка Зебра келди. Ал да башын салып, булактан бир ууртам суу ичейин деди.

– Бул жерден жогол! Болбосо башыңды жулуп алам! Бул Бабуиндин булагы! – деп кыйкырган үндү укту.

Зебра бышкырынып, жогору карады. Ал ташка отуруп, отко банан кактап жеп жаткан Бабуинди көрдү.



– Мен ушунчалык суусадым. Тилим үзүлүп түшкөндөй сезилип жатат. Мен эми сууну кайдан табам? – деди Зебра.

– Ал менин ишим эмес! Бул жерден жогол! Болбосо башыңды жулуп алам! Бул менин булагыи! – деп кыйкырып, өзүнүн узун тиштерин көрсөттү Бабуин.

Бирок Зебра корккон жок. Туяктарын жерге ургулап, ал Бабуинди

көздөй атырылды. Зебранын ушунчалык ачуусу келгендиктен, Бабуин жагып койгон отту аралап өтүп кетти. Оттун чоктору жана какталып жаткан банандар туш тарапка чачырады.



Бабуин жакшы эле качканга аракет кылды, бирок кеч болуп калган эле.

Зебра артынан кууп жетип, туягы менен тээп калганга үлгүрдү.

– Ой, – деп Бабуин кыйкырып жиберди. Ал күндөн аябай ысып калган аскага отуруп калды. Таштар ушунчалык ысык болгондуктан, Бабуиндин жүндөрү күйүп калды. Ошондон бери Бабуиндин далысынан ылдый жүн өспөй калган экен.



Ал эми Зебраның териси ошондон бери чаар ала болуп калыптыр. Бабуиндин оту анын терисин күйгүзүп салбады беле!



Эми жаныбарлар күнүгө эртең менен булактан суу ичип калышты.

Жейрен, Каман жана Зебра:

– Булакка келип суу ичкиле!

Булак суусу баарыбызга!

Эс алып кеткиле! Суу ичкиле!

– деп ырдап жатышты.

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Яко Якобс
Сүрөтчү: Стивен Уоллес
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли